**М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин этика комитетинин 2024-2025-окуу жылындагы ишмердүүлүгү жөнүндөгү эсеп-кысабы**

Комитеттин курамы 2024-жылдын  Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен түзүлгөн. Төрага, катчы жана 5 мүчөдөн турган курам иш алып барды.

**Комитеттин жыл ичиндеги негизги милдеттери:**

- Университеттеги кызматкерлер, студенттер, PhD докторанттар тарабынан Этика кодексинин жана ички тартип эрежелеринин сакталуусун көзөмөлдөө;
- Келип түшкөн даттанууларды, кайрылууларды карап чыгып, адилет чечим кабыл алуу;
- Коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу жана конфликттик кызыкчылыктарды жөнгө салуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- Кесиптик жана моралдык-этикалык нормалардын сакталышын камсыздоо үчүн окутуучуларга, студенттерге, PhD докторанттарга консультацияларды берүү.

Жыл ичинде Этика комитети 6 ирет расмий жыйын өткөрдү.

2024-2025 -окуу жылында комитетке жалпысынан 11 кайрылуу келип түштү:

1. Окутуучуларга байланыштуу даттануулар (6 кайрылуу): 4 кайрылууда иште этика нормасын бузуу фактысы  тастыкталган жок, өз ара түшүнбөстүктү жөнгө салуу боюнча сунуштар берилди. 2 кайрылууда лекция учурундагы орой мамиле, студенттердин суроолоруна жооп бербей койуу өңдүү көйгөйлөр аныкталган.Бул боюнча тиешелүү сунуш берилип, тиешелүү кызматкерлер администрациянын эскерүүсүн алды.
2. Студенттерге байланыштуу даттануулар (5 кайрылуу):

- 5 учур окуу процессиндеги тартип бузууларга байланыштуу болуп чыкты. Комитет этикалык кодекстин бузулушун моюнга алган студенттерге эскертүү берип, тиешелүү институттардын директорлоруна жана кураторлоруна сунуш жиберилди.
- 1 учурда студенттердин ортосундагы чатактан улам онлайн мазактоо фактысы каралып, ага катышкан студенттер кечирим сурап, институттун көмөгү менен тынчтык жолу менен чечишти.

Даттануулардын негизинде алынган чечимдер жана колдонулган чаралар боюнча төмөнкүлөрдү билдиребиз:

- **Моралдык айыптоо**: 2 учур боюнча комитет сунуш берди, анын алкагында эреже бузган кызматкер, студенттер ачык кечирим сурашты.
- **Эскертүү жана сунуштоо**: 5 учурда комитет кат жүзүндө эскертүү берүүгө же жүрүм -турумун оңдоо боюнча сунуш берди.
- **Даттанууларды четке кагуу**: 3 учурда фактылар тастыкталган жок, ага жараша комитет эч кандай тартиптик чара колдонууну зарыл деп тапкан жок.

Жыл ичинде төмөнкүдөй түшүндүрүү жана алдын алуу иштери жүргүзүлдү:

- **Семинар-тренингдер**: Жыл башында комитет тарабынан «Этика кодексинин негизги талаптары жана конфликттик кызыкчылыктарды алдын алуу» аттуу 2 күндүк семинар уюштурулган. Ага 40ка жакын окутуучу жана административдик кызматкер катышып, талкуулар жүргүзүлдү.
- **Студенттер жана PhD докторанттар учун лекциялар**: Таланттуу студенттер лидерлердин көмөгү менен «Коррупцияга каршы күрөш жана академиялык адептүүлүк» темасында 3 жолу чакан жолугушуулар болду. Анда жалпысынан 200дөн ашуун студент жана PhD докторант ат салышты.

Анонимдүү кайрылууларды объективдүү иликтөөсү бир топ кыйынга турат, жөнгө салуу үчүн атайын «Купуя кайрылуу» формасын илгерилетүү жана кошумча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл. Бирок, жыл ичинде анонимдүү бир эле арыз түштү.

Ушул жылы Этика боюнча комитет 15тен ашык кайрылуу карап, алардын ичинен 7 учур боюнча конкреттүү тартиптик же адеп-ахлактык мүнөздөгү сунуштарын бердик. Жалпы жамаатта этика нормаларынын мааниси барган сайын артып жатканын байкоого болот. Ошого карабастан, анонимдуу кайрылууларды так изилдөө жана санариптик маданиятты сактоо өңдүү маселелер дагы эле көңүл буруунu талап кылынаарын билдиребиз. Акырында этика комитети жылдык отчет берүү менен бирге сунуштарыбызды айтып кетүүнү туура таптык.

- Технологиялык өнүгүү, онлайн форматтагы баарлашуу (социалдык тармактар, мессенджерлер) боюнча жаңы пункттарды кошуу.
- Профилактикалык иштерди улантуу: Студенттер, PhD докторанттар жана кызматкерлер менен үзгүлтүксүз семинарларды, атайын ачык эшиктер күнүн жылына жок дегенде 2 жолу уюштуруу.

- Кибербуллингди алдын алуу: Студенттердин жана PhD докторанттардын онлайн этикасы тууралуу атайын эскертмелерди же окуу модулдарын киргизүү, керек учурда психологдун консультациясын алуу.
- Конфликттерди жөнгө салуу: Комиссиянын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн медиатордук усулдар боюнча комиссия мүчөлөрүн окутуу.

Комитет мындан ары дагы этикалык талаш-тартыштарды өз убагында жана адилеттүү карап, университеттин туруктуу өсүшүнө жана ич ара ынтымакташтыктын калыптанышына кошумча салым кошууга даяр.

Комитеттин төрагасы: ____________________

Комитеттин катчысы: ____________________